**Кыргыз Республикасы**
**Баткен областы**
**Кадамжай району**
**Совет айыл аймагынын**
**айылдык кеңеши**

**Кыргызская Республика**
**Баткенская область**
**Кадамжайский район**
**Айыльный Кенеш Советского**
**айыльного аймака**

714220 Советский айылы, Ленин көчөсү 20 714220, с. Советский, ул. Ленина №20
Факс 03655-6-11-08 электронная почта d.sovetskoe@mail.ru

Совет айылдык кенешинин алтынчы чакырылышынын кезектуу он биринчи сессиясынын

**Токтом №11/2**

Совет айылы 20.05.2018-жыл

Совет айыл аймагындагы «Родничок-Кан» балдар бакчасынын №3 имаратынын чатырын толугу менен алмаштыруу жана балдар ойноочу чоң залды ремонттон өткөрүү» долбоорду колдоо үчүн Совет айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетинен салым кошуу жөнүндө

Совет айыл аймагынын Совет айылындагы «Родничок-Кан» балдар бакчасынын тарбиялануучуларга шарттарды түзүү, коопсуздугу үчүн чатырын толугу менен алмаштыруу жана балдар ойноочу чоң залды ремонттон өткөрүү үчүн Кадамжай райондук өнүгүү фондунун колдоосу менен даярдалып жаткан долбоорго колдоо корсотуу максатында Совет айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Совет айыл аймагынын Совет айылындагы «Родничок-Кан» балдар бакчасынын тарбиялануучуларга шарттарды түзүү, коопсуздугу үчүн чатырын толугу менен алмаштыруу жана балдар ойноочу чоң залды ремонттон өткөрүү үчүн даярдалып жаткан долбоорго айыл өкмөтүнүн бюджетинен 107350 (бир жүз жети миң үч жүз элүү) сом акча каражаты ажыратылып өздүк салым катары берилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын жана каржыланышын көзөмөлдөө жагы Совет айыл өкмөтүнүн башчысы Г.А.Осмоновага тапшырылсын.

3. Ушул токтомдун толук аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Совет айылдык кеңешинин төрайымы: У.З.Коргонбаева